КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**06-февраль 2026-жыл № 7** **Совет айылы**

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрүстөндөргө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 23.12.2025-жылдагы № 10-6/851 сандуу катынын негизинде, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамы жана "Көрүстөндөр жана сөөк коюу иши жөнүндө" мыйзам, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 19.08.2025-жылдагы № 502 токтомун жетекчиликке алып, айыл аймагындагы көрүстөндөрдү тартипке келтирүү, санитардык жана экологиялык талаптарды сактоо максатында, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектеги I-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Айыл аймагындагы көрүстөндөрдө көмүү жайларын брондоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Айыл аймагындагы көрүстөндөрдү тартипке келтирүү, санитардык жана экологиялык талаптарды сактоо, көмүү иштерин белгиленген тартипке ылайык, мыйзам чегинде уюштуруу Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Бюджет жана экономика, ички жана сырткы инвестицияны тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**